**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ**
**ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ**
Ош ш. ул.Э.Алиев коч. № 128 (тел. 03222 4-82-82, 4-82-82)

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ ГОРОДА ОШ**
г.Ош ул. Э.Алиева № 128 (тел. 03222 4-82-82, 4-82-82)

« 11 » июлу 2021-жыл.

чыг. № 32/3-__________

Кыргыз Республикасынын
ИИМдин ТКнын начальнигинин орун басары
милициянын полковниги
**Н.Эшимкан уулуна**

# А Т А Й Ы Н   М А А Л Ы М А Т

## (Ош шаардык ИИБнын КЖБРне №02-092-2021-002652 саны менен катталган материал боюнча)

2021-жылдын 11-июлу күнү, Ош шаарынын Аскар Шакиров көчөсүндө орун алган №108а дарегинде жайгашкан №5325 шайлоо участогунда көк түстөгү Хонда Аккорд үлгүсүндөгү мамлекеттик белгиси 06 [redacted] ААР болгон авто унаасынын ээси, аталган авто унаага шайлоочуларды олтургузуп алып мыйзамсыз көрүнүш болуп жаткан окуя туурасында “Nexttv_kg” көз карандысыз маалыматтык каналы инстаграм баракчасына жүктөгөн.

Аталган маалымат 2021-жылдын 11-июлу күнү саат 16-18 чамасында, Ош шаардык ИИБнын Ак-Буура МБнүн МЭЖне №02-092-2021-002652 саны менен катталып, алгачкы текшерүү иштери башталган.

Алдын-ала териштирүү иштерин жүргүзүү учурунда, жогоруда шайлоочуларды видеотасмага тарткан атуулдун өздүгү [redacted]-жылы туулган [redacted] экендиги аныкталып, ал окуя боюнча төмөнкүлөрдү көрсөткөн; №5325 шайлоо участогуна “Комар-Медиа” информациялык порталы тарабынан байкоочу катары келгендигин жана сыртка чыккан учурда, 4 шайлоочу көк түстөгү мамлекеттик белгиси 06 [redacted] ААР номерлүү болгон Хонда-Аккорд үлгүсүндөгү унаага отуруп жатканын көрүп, шек жараткан кыймыл-аракеттерди видеотасмага тартуу анын милдети болгондуктан, жогорудагы унаага отуруп жаткан шайлоочуларды видеотасмага алып, ал видео тасма “Комар-Медиа” информациялык порталы аркылуу интернет булактарына чыгарылгандыгын билдирип, жоопкерчиликти Комар-Медиа өзүнө аларын көрсөткөн.

Андан сырткары, аталган №5325 участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы [redacted] бир топ мүчөлөрү жана шайлоонун мыйзамдуу өтүшүнө көз салган байкоочулардан түшүнүк каттар алынып, алар №5325 шайлоо участогунда эч кандай мыйзам бузуу орун албастан, шайлоо тынч өтүп жатканын билдиришкен.

Текшерүү иштеринин жыйынтыгы менен топтолгон материал 11.07.2021-жылы 15/3/978 саны менен чыгышталып С.Боронбаеванын кыймыл аракетине Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 46-беренесинин негизинде чара көрүү үчүн Ош шаардык АШКга жиберилген.

Ош ШИИБнын начальнигинин орун басары
милициянын полковниги **А.Раимбердиев**